**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ**

**ТОКТОМ №9**

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтү тарабынан Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондуна сунушталуучу долбоорго колдоо көрсөтүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн жетекчилигинин 2025-жылдын 05-ноябрындагы 01-15/2452 сандуу “Багыш айыл өкмөтүнө таштанды ташуучу атайын техника жана таза суу ташуучу атайын техника сатып алуу үчүн, Жалал-Абад областтык өнүктүрүү фондуна долбоорду сунуштоо жана өздүк салымын 2026-жылдын бюджетинен карап берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XIII сессиясы **токтом кылат:**

1.Багыш айыл өкмөтүнө таштанды ташуучу атайын техника жана таза суу ташуучу атайын техника сатып алуу үчүн, Жалал-Абад облустук өнүктүрүү фондуна сунушталсын.

2. Долбоорго Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 887 486(Сегиз жүз сексен жети миң төрт жүз сексен алты) сом акча каражаты долбоордун кош каржылоосуна бөлүнүп берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланып
жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**